КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ
БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛООДО ТАЛАПКЕРЛЕРДИН, САЯСИЙ ПАРТИЯЛАРДЫН ШАЙЛОО ФОНДДОРУН КАРЖЫЛООНУН

# АЧЫК-АЙКЫНДУУЛУГУ

ЖК ШАЙЛОО ВЫБОРЫ
28.11.2021

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

МЕЖДУНАРОДНЫЙ ФОНД
ИЗБИРАТЕЛЬНЫХ СИСТЕМ

Бишкек-2021

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине депутаттарды шайлоону өткөрүүдө талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо өнөктүгүн каржылоо тартиби төмөнкү ченде-укуктук актылар менен жөнгө салынат:**

1. Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» конституциялык Мыйзамы жана
2. “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө саясий партиянын шайлоо фондун түзүү, акча каражаттарынын келип түшүшүн жана чыгымдалышын эсепке алуунун тартиби жөнүндө” Жобосу ылайык

## Жаңы редакциядагы «Кыргыз Республикасынын Президентин жана КР Жогорку Кеңешинин деутаттарын шайлоо жөнүндө» Конституциялык мыйзамдагы негизги түзөтүүлөр

- шайлоо фонддорун түзүү тартибине ылайык, бир мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкерлер үчүн өзүнчө жана бирдиктүү шайлоо округу боюнча талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялар үчүн өзүнчө нормалар киргизилди;

- чектик сумма боюнча талапкердин, талапкерлердин тизмесин сунуштаган саясий партиянын шайлоо фондусуна келип түшкөн жана чыгымдалган акча каражаттары боюнча кээ бир нормалар киргизилди;

- талапкер, саясий партия үчүн шайлоо күрөөсүнүн суммасы аныкталды;

- шайлоо күрөөсүн кайтаруунун шарттары боюнча кошумча нормалар киргизилди;

- Кыргыз Республикасынын жарандары менен үгүт иштерин жүргүзүүдө кызматтарды аткаруусу боюнча талапкерлер, саясий партиялар менен келишим түзүүдө чектөөлөр кошумчаланды;

- талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондундагы келип түшкөн жана чыгымдалган каражаттар тууралуу талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген финансылык отчетторунун, БШК расмий сайтында жайгаштырылган финансылык отчетторунун саны кыскарат.

## Шайлоо фонддорун түзүү жана каржылоо булактары

Бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына көрсөтүлгөн талапкерлер, ошондой эле бирдиктүү шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялар **шайлоо өнөктүгүн каржылоо үчүн өз шайлоо фондун түзүүгө милдеттүү.**

Талапкерлердин тизмесинин курамында талапкерлигин койгон талапкерлер өз шайлоо фондун түзүүгө укуксуз.

**Шайлоо фондун түзбөгөндүк талапкерди, талапкерлердин тизмесин каттоодон баш тарууга негиз болот.**

Талапкер, саясий партия өзүнүн шайлоо фондунда бир гана атайын эсеп ачууга укуктуу.

### Шайлоо фондун түзүү мезгили

| Талапкерлер | Саясий партиялар |
| --- | --- |
| - талапкерлиги көрсөтүлгөн учурдан тартып, каттоого алуу үчүн документтери берилгенге чейин (каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүн дайындаган талапкер үчүн – шайлоо комиссиясында каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдү каттоого алып, ага каттоо күбөлүгүн бергенден кийин | - саясий партиянын каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүн шайлоо комиссиясында каттоого алып, ага каттоо күбөлүгүн бергенден кийин 5 календардык күндүн ичинде |

Талапкерлер, саясий партиялар тийиштүү талапкерлерди, саясий партияларды көрсөтүүчү экиден көп эмес ыйгарым укуктуу өкүлдү дайындоого укуктуу: шайлоого катышуу маселесине байланыштуу ыйгарым укуктуу өкүлү жана каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү.

Бир мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкер Борбордук шайлоо комиссиясына же тийиштүү округдук шайлоо комиссиясына, ал эми талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялар Борбордук шайлоо комиссиясына банк мекемелеринде атайын эсеп ачуу үчүн документтерди тариздөө тууралуу №1 форма боюнча арызы менен кайрылат.

Борбордук шайлоо комиссиясынан (тийиштүү округдук шайлоо комиссиясынан) №2 форма боюнча атайын эсеп ачууга жазуу түрүндө уруксат (маалымдама) алгандан кийин, талапкер, саясий партия шайлоо фондун түзүү үчүн атайын эсеп ачат.

1. Шайлоо фондун түзгөн бардык акча каражаттары **банк мекемесиндеги атайын эсепке** которулат.
2. Атайын эсеп талапкер, саясий партия тарабынан БШКнын уруксаты менен ачылат.

*БШК бекиткен банктардын тизмеси:

РСК БАНК

АЙЫЛ БАНК

**Атайын эсепти ачуу** банк мекемеси талап кылган жана Борбордук шайлоо комиссиясы (тийиштүү округдук шайлоо комиссиясы) тарабынан берилүүчү төмөнкү документтер көрсөтүлгөндөн кийин ишке ашырылат:

1) №2 формасы боюнча Борбордук шайлоо комиссиясынын (тийиштүү округдук шайлоо комиссиясынын) жазуу түрүндөгү уруксаты менен;

2) Борбордук шайлоо комиссиясынын каржы маселеси боюнча (эгер ал дайындалган болсо) талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлүн каттоо тууралуу чечиминин көчүрмөсү;

3) каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдүн (эгер ал дайындалган болсо) каттоо күбөлүгүнүн көчүрмөсү.

Бир мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкер жеке өзү (каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү жок болгон учурда), же каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү шайлоо фондусунун атайын эсеби ачылгандан тартып 3 күндүн ичинде тийиштүү округдук шайлоо комиссиясына №3 форма боюнча атайын эсептин реквизиттерин жазуу түрүндө билдирүүгө милдеттүү.

## Саясий партиялардын шайлоо фонддору төмөнкү акча каражаттарынын эсебинен түзүлүшү мүмкүн:

| | |
|---|---|
| Талапкердин өз каражаттары | 1500 000 сомдон ашпашы керек |
| Саясий партиянын өз каражаттары | 100 000 000 сомдон ашпашы керек |
| Жеке адамдардын ыктыярдуу кайрымдуулук берүүлөрү | 200 000 сомдон ашпашы керек |
| Юридикалык адамдардын ыктыярдуу кайрымдуулук берүүлөрү | 3 000 000 сомдон ашпашы керек. |

*[*]**Ыктыярдуу кайрымдуулук берүүлөр** деп өз акча каражаттарын талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондусунун атайын эсебине акы албай киргизүү эсептелет.*

**Талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиянын шайлоо фондусуна келип түшкөн жана чыгымдалган акча каражаттарынын чектик суммасы 300 000 000 сомдон ашпашы керек.**

## Талапкерлердин шайлоо фонддору төмөнкү акча каражаттарынын эсебинен түзүлүшү мүмкүн:

| | |
|---|---|
| Талапкердин өз каражаттары | 150 000 сомдон ашпашы керек |
| Саясий партиянын өз каражаттары | 1 000 000 сомдон ашпашы керек |
| Жеке адамдардын ыктыярдуу кайрымдуулугу | 200 000 сомдон ашпашы керек |
| Юридикалык адамдардын ыктыярдуу кайрымдуулугу | 500 000 сомдон ашпашы керек. |

**Талапкердин шайлоо фондуна келип түшкөн жана чыгымдалган акча каражаттарынын чектик суммасы 10 000 000 сомдон ашпашы керек.**

## Шайлоо фонддоруна ыктыярдуу кайрымдуулук берүүгө төмөнкүлөргө
## ТЫЮУ САЛЫНАТ:

Чет мамлекеттерге, чет элдик мамлекеттик органдарга, чет элдик мекемелерге жана ишканаларга, башка юридикалык жактарга, алардын филиалдарына жана өкүлчүлүктөрүнө, чет элдик жарандарга, Кыргыз Республикасында катталган, катышуучулары чет элдик жарандар болгон юридикалык жактарга;

жарандыгы жок адамдарга;

мамлекеттик бийлик органдарына жана жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарына;

мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерге жана ишканаларга;

уставдык капиталында мамлекеттик же муниципалдык үлүшү бар, ошондой эле салыктарды төлөө, чогултуу жана башка милдеттүү төлөмдөр боюнча жеңилдетүүлөрдөн пайдаланган юридикалык тараптарга;

аскер бөлүктөрүнө, аскер мекемелерине жана уюмдарына;

укук коргоо органдарына, сотторго;

кайрымдуулук ишмердиги менен алектенген уюмдарга;

диний уюмдарга;

***атын атабай кайрымдуулук кылуучуларга*** (атын атабай кайрымдуулук кылуучу деп төмөнкү маалыматтардын бирин көрсөтпөгөн жаран эсептелет: фамилиясы, аты, атасынын аты, жашаган жеринин дареги, паспорттук маалыматтары, ошондой эле өзү тууралуу туура эмес маалымат көрсөтүлсө).

Мындан тышкары,

**Талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондуна төмөнкү юридикалык жактарга жана физикалык жактарга акча каражатын кошууга ТЫЮУ САЛЫНАТ:**

- мамлекеттик бюджетке же КР Социалдык фондусуна карызы барларга;
- билими жок болуп ишкерликти жүзөгө ашыруучу юридикалык жактарга.

## БИЛҮҮ КЕРЕК !

Шайлоо фонддоруна түшкөн акча каражаттары улуттук валютада кабыл алынат. Белгиленген эсептер боюнча кирешелер эсептелбейт жана төлөнүп берилбейт

Эгер кайрымдуулук берүүлөр мындай берүүнү ишке ашырууга укугу жок жаран же юридикалык жак тарабынан жүргүзүлсө (б.а. тыюу салынган), анда аны кайрымдуулук берүүчүгө толук өлчөмүндө кайтарып берүү керек.

Талапкерди, талапкерлердин тизмесин каттоодон баш тартылса, талапкер тарабынан өз талапкерлиги алынып салынса,  саясий партиялар талапкерлердин тизмесин чакыртып алса, же талапкерди, талапкерлердин тизмесин каттоодон баш тартууда (жокко чыгаруу) шайлоо фондуна келип түшкөн акча каражаттары аларды кошкон жарандарга жана уюмдарга кечиктирилбестен кайтарылып берилүүгө тийиш.

## Шайлоо күрөөсү

Саясий партиялардын, талапкерлердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, же бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча талапкерлер жеке өзү (алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү жок болгон учурда), талапкерлердин тизмесин, талапкерлерди каттоо үчүн шайлоо күнүнө чейин 40 календардык күндөн кечиктирбестен, жергиликтүү убакыт боюнча саат 18.00гө чейин Борбордук шайлоо комиссиясына шайлоо күрөөсүн төлөгөндүгүн ырастоочу документти тапшырууга тийиш.

**Шайлоо фондусунун атайын эсебинен Борбордук шайлоо комиссиясынын депозиттик эсебине**

| Бир мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкерлер | Бирдиктүү шайлоо округу боюнча талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялар |
| --- | --- |
| **Мыйзам тарабынан белгиленген эсептик көрсөткүчтөн миң эсе чоң көлөмдөгү шайлоо күрөөсүн (же 100 000 сом) төлөйт** | **Мыйзам тарабынан белгиленген эсептик көрсөткүчтөн он миң эсе чоң көлөмдөгү шайлоо күрөөсүн (же 1000 000 сом) төлөйт** |

**Бул тууралуу тийиштүү банктык документтерди алышат**

Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлерге, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партияларга төмөнкү учурда **шайлоо күрөөсү кайтарылып берилет:**

1) бирдиктүү шайлоо округу боюнча добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын 1пайыздан кем эмес добушун алгандарга, ошондой эле бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча добуш берүүгө катышып, шайлоочулардын 5 пайыздан кем эмес добушун алгандарга шайлоодон кийин 10 күн аралыгынан кечиктирбестен, Борбордук шайлоо комиссиясына өз фондун түзүүгө кеткен бардык булактар жана анын көлөмү, ошондой эле бардык кеткен чыгымдар тууралуу отчетун бергенден кийин;

2) эгер Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерди, талапкерлердин тизмесин каттоодон баш тартылса;

3) шайлоо бюллетенинин текстси жана формасы бекитилгенге чейин шайлоого андан ары катышуудан баш тарткандарга;

4) аталган пункттун 1-подпунктунда белгиленгендей, Борбордук шайлоо комиссиясына отчет берилгенден кийин шайлоолор өткөн жок же жараксыз деп табылса.

Күрөөнүн калган суммасы бюджеттин эсебине черегилет.

Мындан тышкары, **мыйзам бузуулардын натыйжасында саясий партиялардын талапкерлеринин тизмесин, талапкерди каттоодон баш тартылган учурда, ошондой эле БШК талапкер, талапкерлердин тизмеси боюнча добуш берүүнүн жыйынтыгын жараксыз деп тапса, талапкер, саясий партия тарабынан төлөнгөн шайлоо күрөөсү кайтарылбайт жана бюджетке чегерилет.**

## Шайлоо фонддорунун каражаттарын эсепке алуу жана чыгымдоо

Шайлоо фондусунун каражаттарынын максаттуу багыты бар.

Алар шайлоо өнөктүгүн өткөрүүгө байланышкан чыгымдарды жабуу үчүн гана колдонулушу мүмкүн:

1) шайлоо алдындагы үгүт иштерине багытталган уюштуруу-техникалык чараларды каржылык камсыздоо;

2) аталган конституциялык Мыйзамда белгиленген өлчөмдө шайлоо күрөөсүн төлөө;

3) шайлоо алдындагы өнөктүктөрдү өткөрүү менен түздөн-түз байланышкан жумуштарды аткаруу, кызматтарды көрсөтүү үчүн төлөмдөр.

**Саясий партияларга шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүгө, Талапкерлерге, саясий партияларга шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүү боюнча жумуштарга төлөө үчүн башка шайлоо алдындагы иш-чараларды жүзөгө ашырууга өздөрүнүн шайлоо фонддоруна келип түшкөн каражаттардан тышкары акча каражаттарын пайдаланууга тыюу салынат.**

Талапкердин, саясий партиялардын шайлоо өнөктүгү менен байланышкан белгилүү бир иштерди (кызмат көрсөтүүлөрдү) аткаруу тууралуу келишимдер (макулдашуулар) талапкердин жеке өзү же анын шайлоого катышууга байланышкан маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү, саясий партиянын шайлоого катышууга байланышкан маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү менен түзүлөт.

Физикалык жана юридикалык жактар менен эсептөөлөр, ошондой эле атайын эсепте жаткан сарпталбаган акча каражаттарын кайтаруу боюнча бардык каржы опреациялары добуш берген күндөн 5 календардык күн өткөндөн кийин токтотулат.

**Шайлоо өнөктүгүн өткөрүүгө байланышкан иштерди аткаруу, кызматтарды көрсөтүү үчүн талапкер, саясий партиялар ортосундагы эсептешүүлөр накталай эмес түрүндө жүзөгө ашырылат.**

## ТЫЮУ САЛЫНАТ:

**- шайлоого түздөн-түз же кыйыр түрүндө байланышы бар юридикалык жактар, алардын филиалдары, өкүлчүлүктөрү, ошондой эле физикалык жактар тарабынан акысыз иштөөгө же жөнү жок төмөндөтүлгөн баа менен ишти, кызмат көрсөтүүлөрдү аткарууга, товарларды сатууга, төмөнкүлөрдөн тышкары:**

**ыйгарым укуктуу өкүлдөрдөн,**

**ишенимдүү адамдардан,**

**байкоочулардан,**

**шайлоо комиссияларындагы талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрүнөн,**

**алар шайлоого түздөн-түз же кыйыр түрүндө байланышы бар өз ыйгарым укуктарын, иштерди жана кызмат көрсөтүүлөрдү акысыз аткарууга укуктуу.**

Талапкер, саясий партия Кыргыз Республикасынын жарандары менен үгүт иштери боюнча кызматтарды аткаруу тууралуу келишимдерди түзүүдө төмөнкү чектен ашпоого тийиш:

- **саясий партия - 10 000ден ашпаган үгүтчү**;

- **бир мандаттуу округ боюнча талапкер – 500дөн ашпаган үгүтчү.**

Талапкерлер, саясий партиялар өз шайлоо фонддорундагы келип түшкөн жана чыгымдалган акча каражаттарынын эсебин жүргүзүүгө жана БШКга тийиштүү каржы отчетторун берүүгө милдеттүү.

**Банк мекемелери жумасына, эгер БШК талап кылса 24 саат бою, талапкердин, саясий партиянын атайын эсебиндеги келип түшкөн жана чыгымдалган каражаттар тууралуу маалыматты берип турууга милдеттүү.**

**Учурда көрсөтүлгөн маалыматтар ведомстволор аралык «Түндүк» электрондук карым-катышуу тутуму аркылуу электрондук форматта берилет.**

## Каржылык отчеттуулугу

Талапкерлер, саясий партиялар Борбордук шайлоо комиссиясына **өзүнүн шайлоо фондусунун көлөмү, бардык булактары, ошондой эле жүргүзүлгөн бардык чыгымдар тууралуу отчетторду** берүүгө милдеттүү. Каржылык отчет кагаз түрүндө, электрондук версияда (кол коюлуп, мөөр басылган сканерленген көчүрмөсү) жана электрондук алып жүрүүчүлөрдө EXCEL форматында төмөнкүдөй тартипте берилет:

**1) Биринчи каржылык отчет – добуш берүүгө чейин 10 күндөн кечиктирилбестен.**

**2) Экинчи жыйынтыктоочу каржылык отчету (жыйынтык маалыматтар) – добуш берилгенден кийин 10дөн кечиктирилбестен.**

Жыйынтыктоочу каржылык отчетко атайын эсепке акча каражаттарынын келип түшкөндүгүн жана ал каражаттардын чыгымдалышын кагаз жүзүндөгү тастыктоочу алгачкыларынан тартып бардык каржы документтердин түп нускасы тиркелет.

Жыйынтыктоочу каржылык отчет брошюра түрүндө болуп, беттери, анын ичинде тиркемелердин баары баштан аяк номерлениши керек. Борбордук шайлоо комиссиясынын талабы боюнча суроолор жаралган болсо, талапкер жеке өзү (эгер каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү жок болсо), талапкердин, саясий партиялардын каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдөрү жыйынтыктоочу каржылык отчетко кошуп түшүнүк кат беришет.

Каржылык отчетко бир мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкердин жана каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдүн (эгер болсо), же бирдиктүү шайлоо округу боюнча талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиянын жетекчисинин жана каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн колу коюлуп, саясий партиянын мөөрү басылат.

**Жыйынтыктоочу каржылык отчетту бергенге чейин калган акча каражаттарынын баары кайрымдуулук берүүчүлөргө кайтарылып берилиши керек.**

**Талапкердин, саясий партиянын каржылык отчетун берүү милдети талапкердин жеке өзүнө (каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү жок болгон учурда), каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнө жүктөлөт.**

Атайын эсептеги сарпталбаган калган акча каражаттары добуш берген күндүн эртеси талапкерге, саясий партияга кайтарылып берилет.

## Шайлоо фонддорун каржылоодогу ачык-айкындуулук

**КР ЖК депутаттарын шайлоону *таза жана ачык* өткөрүү максатында, БШК расмий сайтында төмөнкү маалыматтар милдеттүү түрдө жайгаштырылышы керек:**

1. **талапкердин, саясий партиянын атайын эсебиндеги келип түшкөн жана чыгымдалган каражаттары тууралуу жеке маалыматтар жана банктык сыр жөнүндө мыйзамдарды эске алуу менен банктык жана башка мекемелер тарабынан берилүүчү маалыматтар;**
2. **шайлоо өнөктүгүн каржылоо тууралуу талапкердин, саясий партиянын каржы отчеттору (биринчи, экинчи жыйынтыктоочу);**
3. **талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо күрөөсүнөн келип түшкөн сумма жана талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо күрөөсүнө кайтарылып берилген сумма жана бюджетке которулган сумма тууралуу маалымат.**

Талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддорун түзүү жана каражат чыгымдарынын тартибине көзөмөл жүргүзүү Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан жүзөгө ашырылат.

## Көзөмөл жана жоопкерчилик

**Талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддорун түзүү жана каражаттарын чыгымдоо тартибине <u>көзөмөл жүргүзүү.</u>**

Талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддоруна акча каражаттарынын келип түшүү булактарына, туура колдонуусун эсепке алууга жана колдонууга көзөмөл кылууга, каржылык отчетторду текшерүү үчүн**, БШК алдында контролдук-текшерүү тобу түзүлөт.**

- талапкер, саясий партия тарабынан шайлоо фондусун түзүү жана акча каражаттарын чыгымдоо тартибинин бузулушу,

- шайлоо фондунун чыгымдарынын чектик суммадан ашып кетүүсү,

- каржылык отчетторду бербөө жана бастырып чыгарбоо,

Отчеттордо камтылган так эмес маалыматтарды берүүдө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралаган жоопкерчиликке тартылат.